**УДК: 378.9**
**DOI: 10.35254/bsu/2023.65.96**

**Эсенгулова М., Шерболот кызы Н.**
**И. Арабаев атындагы КМУ**

## ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙДЫН ОКУТУУЧУСУНУН КЕСИПТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮ

**Кыскача мазмуну:** Бул макалада жогорку окуу жайдын окутуучусунун кесиптик компетенттүүлүгү жөнүндө түшүнүгүнүн маани-маңызы каралган. Авторлор окутуучунун кесиптик компетенттүүлүгү түшүнүгүнүн аныктамасын, ЖОЖдун окутуучусунун жалпы моделине негизги элементтерин түзгөн жеке сапаттарын, ушул сапаттарын ачыктаган аспекттерди сунуш кылышат. ЖОЖдун окутуучусунун жеке сапаттарынын моделине авторлор: окуу предметин терең билүү, педагогикалык чеберчилик, кеңири илимий көз караш, инновацияга жана илимий чыгармачылыкка умтулуу, илимий изилдөө методдорун билүү жана инновациялык мобилдүүлүк, атап айтканда, чет тилдерин жана компьютердик технологияларды билүүнү киргизишет жана ар бир аспектини ачыкташат. Аспекттер учурдагы ЖОЖдун окутуучусуна коюлган талаптар менен шайкеш келет жана мисалдар менен конкреттештирилет. Макала ЖОЖдун окутучусунун кесиптик компетенттүүлүгү проблемасына кызыккан илимий изилдөөчүлөр үчүн мааниге ээ болушу мүмкүн, себеби изилдөөлөрдүн жыйынтыгы менен тааныштырат.

**Түйүндүү сөздөр:** ЖОЖдун окутуучусу, кесиптик компетенттүүлүк, түзүмдүк компоненттери, санарип коом, терең билим, педагогикалык чеберчилик, кеңири илимий көз караш, инновация, илимий чыгармачылык, илимий изилдөө методдору, инновациялык мобилдүүлүк, компьютердик технологиялар.

**Эсенгулова М., Шерболот кызы Н.**
КГУ им. И. Арабаева

## ПРОФЕССИОНАЛЬНАЯ КОМПЕТЕНТНОСТЬ ПРЕПОДАВАТЕЛЯ ВЫСШЕГО УЧЕБНОГО ОБРАЗОВАНИЯ

**Аннотация:** В данной статье рассматривается значение понятия профессиональной компетентности преподавателя высшего учебного заведения. Авторы предлагают определение понятия профессиональной компетентности преподавателя, личностных качеств, составляющих основные элементы общей модели преподавателя вуза, и аспектов, раскрывающих эти качества. В модель личностных качеств преподавателя вуза авторы включают: глубокое знание предмета, педагогическое мастерство, широкий научный кругозор, стремление к новаторству и научному творчеству, знание методов научных исследований и инновационную мобильность, в частности, знания иностранных языков и компьютерных технологий, а также уточняют каждый аспект. Аспекты соответствуют современным требованиям к деятельности преподавателя вуза и конкретизированы примерами. Статья может быть полезна исследователям, интересующимся проблемой профессиональной компетентности преподавателей вузов, так как в ней представлены результаты исследования.

**Ключевые слова:** преподаватель вуза, профессиональная компетентность, структурные компоненты, цифровое общество, глубокие знания, педагогическое мастерство, широкий научный кругозор, инновации, научное творчество, методы научного исследования, инновационная мобильность, компьютерные технологии.

**Esengulova M., Sherbolot daughter N.**
**KSU named after I. Arabayev**

## PROFESSIONAL COMPETENCE OF A TEACHER OF HIGHER EDUCATION

**Abstract:** In this article, the meaning of the concept of professional competence of a teacher of a higher education institution is considered. The author offers a definition of the concept of professional competence of the teacher, personal qualities that make up the main elements of the general model of the university teacher, and aspects that reveal the quality of the teacher. In the model of personal qualities of university teachers, the author includes: deep knowledge of the subject, pedagogical mastery, a wide scientific horizon, a desire for innovation and scientific creativity, knowledge of scientific research methods and innovative mobility, in particular, knowledge of foreign languages and computer technologies, and also specify each aspect. The aspects correspond to the modern requirements of the teacher's activities and concrete examples. The article may be useful to researchers who are interested in the problem of professional competence of university teachers, as the results of the study are presented in it.
**Keywords:** university teacher, professional competence, structural components, digital society, deep knowledge, pedagogical mastery, wide scientific horizon, innovations, scientific creativity, methods of scientific research, innovative mobility, computer technologies.

Кыргыз Республикасынын билим берүү системасында компетенттүү адистердин болушу учурдун талабы. Санарип коомдун өсүшү билим берүү системасына да таасирин тийгизип, анын модернизациялоосун талап кылууда. Мындай зарылчылык Болон процессине жана эки баскычтуу системага (бакалавриат, магистратура) өтүүнүн негизинде жогорку окуу жайлардагы профессордук-окутуучулук курамдын кесиптик компетенттүүлүгүнүн маанисин ачыктады. Кыргыз Республикасында билим берүү системасын өзгөртүүдөгү негизги маселе – ЖОЖдун бүтүрүүчүлөрүнүн мобилдүүлүгүн күчөтүү аркылуу европалык жогорку билим берүү зонасына кирүү, жумушка жайгашуусуна багыт берүү, компетенттүү адистер менен коомду камсыздоо.

Көпчүлүк кыргызстандык (Абдырахманов Т.А., Ногаев М.А., Дюшеева Н.К., Низовская И.А.) российялык (Резник С.Д., Вдовина О.А., Санько А.М., Стрекалова Н.Б., Шарипов Ф.В.) казакстандык (Хмель Н.Д., Момынбаев Б.К., Каргин С.Т., Абдыкаримов Б.А., Усманов А.А., Намазбаева Ж.И.) изилдөөчүлөр (ЖОЖдун окутуучусунун педагогикалык ишмердүүлүгүнүн өзгөчөлүктөрүнөн (педагогикалык ишмердүүлүктүн илимий-изилдөө иши менен айкалышы) улам ЖОЖдун окутуучусунун кесиптик компетенттүүлүгүнүн түзүмдүк компоненттери катары төмөнкүлөрдү бөлүп көрсөтсө болорун белгилешет:

– окутулуп жаткан дисциплинанын (предметтин) чөйрөсүндө билим, билгичтик жана көндүмдөр;

– психологиялык-педагогикалык компетенттүүлүк;

– коммуникативдик компетенттүүлүк;

- башкаруучулук (уюштуруучулук) компетенттүүлүк;

- чыгармачылык компетенттүүлүк [1, 13].

ЖОЖдун окутуучусунун кесиптик компетенттүүлүк түшүнүгү ушундан улам анын педагогикалык ишмердүүлүктү жүргүзүүгө теориялык жана практикалык даярдыгынын биримдигин билдирип, анын кесипкөйлүгүн мүнөздөйт. Шарипов Ф.В. окутуучунун кесиптик компетенттүүлүк түшүнүгүнө төмөнкү аныктаманы сунушташат — бул аны окутуучу жана окумуштуу катары кесиптик ишмердүүлүгүнүн негизин түзгөн билимдердин, билгичтиктердин, көндүмдөрдүн жана жөндөмдүүлүктөрдүн системасы [2, 2].

ЖОЖдун окутуучусунун жалпы моделине негизги элементтерин түзгөн жеке сапаттары кирет, аларды 1-схемадан көрсө болот [3, 128].

1-схема. ЖОЖдун окутуучусунун жеке сапаттары

ЖОЖдун окутуучусунун жеке сапаттарынын моделин биздин көз карашыбызда, окуу предметин терең билүү, педагогикалык чеберчилик, кеңири илимий көз караш, инновацияга жана илимий чыгармачылыкка умтулуу, илимий изилдөө методдорун билүү жана инновациялык мобилдүүлүк, атап айтканда, чет тилдерин жана компьютердик технологияларды билүү ачыктайт (2-схеманы караңыз).

2-схема. ЖОЖдун окутуучусунун жеке сапаттарынын аспекттери

Ар бир аталган аспекттерге кеңири токтолуу менен, заманбап ЖОЖдун окутуучусунун сапаттарынын моделин ачыктоого аракет кылдык [4, 128].

1. Окутуу предметин терең билүү – предметтин концептуалдык негиздерин, анын билимдердин жалпы системасындагы жана адисти даярдоонун окуу планындагы ордун түшүнүүнү камтыйт. Мындай билимдерге ээ болуу окутуучунун чыгармачыл, активдүү инсан катары калыптанышына өбөлгө түзөт жана анын студентттерди окутуу боюнча түздөн-түз ишмердүүлүгүндө көрүнөт. Окутуучулардын билиминин жетишсиздиги сезилгенде көйгөйлөр жаралат. Анткени, биринчиден, студенттер муну окутуучудан мурун эрте байкашат, экинчиден, окутуучу да өзүн ишенимсиз сезет, бул да сабактын атмосферасына, студенттердин окуу материалын кабыл алуусуна терс таасирин тийгизет. Окутуучу өзүнүн кесиптик тармагындагы акыркы жаңылыктардан кабардар болуп турууга, окуган дисциплиналары боюнча илимдин жана практиканын алдыңкы жетишкендиктерин билүүгө ар дайым даяр болушу керек.

2. Окутуучунун педагогикалык чеберчилиги философия, психология жана педагогика билимине, окуу-тарбия ишин уюштуруунун ыкмаларына, окуу сабактарынын жана тарбиялык сааттарынын пландарын жана конспекттерин иштеп чыгуу принциптерине негизделет. Окутуучунун эң маанилүү сапаты – анын тарбиячы болуу билгичтиги, тарбиялык таасирдин формаларын жана ыкмаларын билмейинче, алдыга коюлган билим берүүнүн максаттарын жана милдеттерин ишке ашыруу үчүн зарыл шарттарды түзүүгө мүмкүн эмес.

**Окутуучунун педагогикалык чеберчилиги** – кеп маданиятына ээ болуусу. Кеп

эмоционалдуу, жакшы кабыл алынышы керек, окутуучунун жакшы дикцияга ээ болушу, туура сүйлөй алышы, өзүнүн аңгемеси менен студенттерди өзүнө тартышы, шайыр, тапкыч, кырдаалды башкара билиши жана керек болсо дароо жөнгө салышы мааниге ээ. Ыраатсыз, түшүнүксүз, штамптуу кеп баарлашуунун жогорку натыйжалуулугуна өбөлгө түзбөйт, ынандырбайт жана адамдардын жан дүйнөсүндө таасир калтырбайт. Жакшы сүйлөгөндү үйрөнүү үчүн так, аналитикалык ой жүгүртүүгө, маалыматты талдай алууга үйрөнүш керек, ал үчүн студенттин ар тараптуу билимге ээ болушу күтүлөт.

3. Кеңири илимий көз караш. ЖОЖдун окутуучусу жогорку эрудициясы жана кеңири илимий көз карашы менен айырмаланууга тийиш. Жалпы маданий деңгээлдин төмөндөшү биринчи кезекте жаштарга таасирин тийгизет, себеби студенттердин аудиториясына келген окутуучу окутулуп жаткан предметтин жана илимдин тиешелүү тармагынын адиси гана болбостон, жогорку эрудициялуу, интеллектуалдык бай адам болушу керек. Жогорку окуу жайынын негизги айырмачылыгы – жогорку теориялык ой жүгүртүүнү, көп түрдүү тармактарды камтыган билимди, бүтүрүүчүлөрдүн көз карашынын кеңири болушун камсыздай алышы болуп эсептелет. Билим берүү процессинде академиялык эркиндиктин болушу, коркуунун жоктугу, окутуучунун студенттердин суроолоруна жооп бере билүүсү, студенттерге белгисиз жаңы кызыктуу фактыларды мисал келтирүүсү алардын таанып-билүү муктаждыгын канааттандырууга мүмкүндүк берет. Ушундай академиялык чөйрө окутуучудан билимин дайыма жогорулатып турууга, көп окууга, окуганын түшүнүүгө түртөт, ал эми бул анын көз карашын орчундуу кеңейтет. Көз карашы кенен, методикасы бар, окутууда заманбап илимий маалыматтарга таянган окутуучу гана студенттерге натыйжалуу билим берип, тарбиялай алат. Мындан тышкары, окутуучулардын илимий көз карашынын кеңдиги кафедранын дараметинин тынымсыз өсүшүнө негиз болуп саналат.

4. Инновацияга жана илимий чыгармачылыкка умтулуу. ЖОЖдун окутуучусунун ишмердүүлүгүнүн өзгөчөлүгү: тынымсыз илимий иш менен алек болуу, анын ийгилиги илимий даража, наам алуу. Бул чыгармачылык процессте окутуучу жеке кызыкчылыгы гана эмес, кафедранын кызыкчылыгын да жетекчиликке алып, студенттерди илимий ишке тартууга тийиш. Инновацияга жана илимий чыгармачылыкка багыт алуу – жогорку окуу жайдын заманбап окутуучусунун сапаттарынын моделинин негизги компоненттеринин бири. Илим менен алектенбеген окутуучу студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн ойготууга, ой жүгүртүүгө жөндөмсүз.

5. Илимий изилдөө методдорун билүү. ЖОЖдун илимий чөйрөсү окутуучудан төмөнкү изилдөө көндүмдөрүнүн өнүгүүсүн талап кылат: изилдөө ыкмаларын билүү, маалыматты чогултуу жана иштетүү, изилдөөнүн натыйжасын көрүү, изилдөөнүн актуалдуулугун жана зарылдыгын аныктоо. Окутуучунун илимий-изилдөө ишмердүүлүгүнө илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларын окуу процессинде пайдалануу, тактап айтканда, илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларын окутуу жана тарбиялоонун мазмунуна киргизүү, студенттерди илимий изилдөөлөргө тартуу, студенттик илимий ийримдердин ишин уюштуруу кирет. Окутуучу изилдөөчү катары чындыкты издөөгө

жана ачууга багыт алуу менен, ар түрдүү авторлордун концепцияларын, эмгектеринин мазмунун салыштырат. Бул үчүн окутуучунун логикалык ой жүгүртүүсү, ар кандай булактардагы негизги нерсени жана каралып жаткан объектилердин ортосундагы логикалык байланыштарды бөлүп көрсөтүү көндөмү өнүккөн болушу керек.

6. Инновациялык мобилдүүлүк. Тез өнүгүп жаткан билим берүү чөйрөсүнүн заманбап шарттарында ЖОЖдун окутуучусу кесиптик-педагогикалык ишмердүүлүктүн өзгөрүлмө шарттарына ийкемдүү ыңгайлашкан жана жаңы типтеги билим берүү кырдаалдарын долбоорлоого жөндөмдүү активдүү уюштуруучу. ЖОЖдун окутуучусуна чыгармачылыктын жогорку деңгээли мүнөздүү болушу зарыл, ал кесиптик ой жүгүртүүнүн ийкемдүүлүгү, мобилдүүлүк жана инновациялык кырдаалдарга ыңгайлашуу сыяктуу сапаттарда көрүнөт. Ошондой эле кесиптик ишмердүүлүктө маалыматтык, санариптик коомдун талаптарына ылайык келүүгө умтулуу, жаңы маалыматтык технологиялар тармагында иштөөгө көндүмдөрүнүн өнүгүүсү, алардын маңызын түшүнүү, аларды жогорку окуу жайлардын окуу-тарбия процессинде колдонуу жана ишке ашыруу көндүмдөрү да маанилүү.

7. Окутуучунун этикалык сапаттары. Жогорку билим берүү студенттерде коом тарабынан жактырылган адеп-ахлактык баалуулуктарды өнүктүрүүнү болжолдогондуктан, окутуучу коом тарабынан жактырылган баалуулуктардын алып жүрүүчүсү жана өкүлү болуп, активдүү коомдук көз карашка ээ болушу керек. Этика окутуучуга студенттердин жана кесиптештеринин жөндөмдүүлүктөрүнө жана жүрүм-турумуна баа берүүдө адилеттүүлүктү, калыстыкты сактоого; баарлашууда сабырдуу, иште принципиалдуу, кылдат, сылык жана ак көңүл болууга милдеттендирет. Окутуучу социалдык, улуттук жана конфессиялык толеранттуулук менен айырмаланышы керек. Кесиптештер жана студенттер менен өз ара мамилелерге өзүнө болгон ишеним жана текеберчилик, ченемсиз бир тараптуулук, сынга чыдамсыздык, студенттердин жеке кадыр-баркын, алардын кесиптик беделин сыйлабоо, орой мамиле жасоо зыянын тийгизет. Бирок адеп-ахлак жана жүрүм-турум чендерин билүү гана жетишсиз: аларга ылайык аракеттенүүнү каалоо жана этикалык жүрүм-турум көндүмдөрүн системалуу машыктыруу маанилүү [4, 128].

Окутуучунун адептүүлүгүндө негизги сапаттардын эки тобун бөлүүгө болот: руханий сапаттар жана жүрүм-турум маданияты. **Руханий сапаттар** адептүүлүк, чынчылдык, абийирдүүлүк, кайраттуулук, тектүүлүк, жөнөкөйлүк, өз алдынчалык, ар-намыс, кайрымдуулук сыяктуу сапаттарга негизделиши керек.

**Окутуучунун жүрүм-турум маданиятында** сыпайылык, сабырдуулук, токтоолук, сезимталдык, көңүл буруу, ак көңүлдүк, боорукердик, сылыктык, достук, жагымдуулук өзгөчөлөнүп турушу керек.

Мына ошентип, заманбап ЖОЖдун окутуучусу – студенттерди окутууну, тарбиялоону жана дараметин өнүктүрүүнү ишке ашырган, активдүү илимий-методикалык иштерди жүргүзгөн, кафедраны башкарууга жана университеттеги активдүү ишмердүүлүктүн башка

түрлөрүнө катышкан адам. Биз окуу предметин терең билүү, педагогикалык чеберчилик, кеңири илимий көз караш, инновацияга умтулуу жана илимий чыгармачылык, илимий издөө технологияларын билүү жана инновациялык мобилдүүлүк аспекттери катышкан ЖОЖдун окутуучусунун жеке сапаттарынын үлгүлүү моделин иштеп чыктык.

ЖОЖдун окутуучуларынын педагогикалык компетенттүүлүгүн жогорулатуу үчүн уюштуруучулук-педагогикалык, материалдык-техникалык, маалыматтык, окуу-методикалык, шыктандыруучу (мотивациялык) шарттарды түзүү зарыл. Бул процесс сөзсүз университеттин керектөөлөрүнө ылайык келиши зарыл жана негизги ролду кафедралар гана эмес, билим берүү, окутуу, тарбиялоо, өнүгүү маселелери, окутуунун инновациялык методдору боюнча семинар-тренингдерди жана студенттердин илимий изилдөөлөрүн уюштурган окуу-методикалык бөлүмдөр да ойноого тийиш.

**Адабияттар**


1. Ячина Н. П., Мухутдинова Т. З., Хазиева Н. Н. «Профессиональная компетентность как показатель качества образования». https://cyberleninka.ru/
2. Шарипов Ф.В. Профессиональная компетентность преподавателя вуза // Высшее образование сегодня. 2010. № 1.
3. Санько А.М., Стрекалова Н.Б. «Профессиональная компетентность педагога: банк тестов»: учеб. пособие. – Самара: Изд-во Самарского университета, 2018. – 128 с.: ил.
4. Резник С.Д., Вдовина О.А. Профессиональные компетенции преподавателя высшего учебного заведения: система формирования и развития: монография. – Пенза: ПГУАС, 2015. – 140 с.